деңиз калаасы, Волга бою, Орто Азия, Казакстандагы байыркы көрүстөндөрдөн чыккан буюмдарга окшош болушу IV-V кылымдарда Кыргызстан менен жогоруда аталган региондор ортосунда бир кыйла тыгыз тарыхый-маданий байланыш болгонун айгинелейт. Бул буюмдар Кыргызстандын аймагындагы көчмөн элдерде кол өнөрчүлүктүн, зергерчилик өнөрүнүн мурдатан кеңири өөрчүгөнүн далилдейт.

Жогорудагы Чүй жана Кемин өрөөндөрүндө рекреациялык чарбаларынын бири катары каралган бул тарыхый, маданий эстеликтер: Бурана шаар чалдыбары, Баласагун, Ак-Бешим шаар чалдыбары, Шиш-Дөбө шаар чалдыбары, Байтик, Өзүбектин күмбөздөрү, Шамшы байыркы күмбөз, азыркы учурдагы жана келечектеги туризмде маани бере турган объектилерден болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Чүй облусу: Энциклопедия / Башкы ред. А.Карыпкулов; Ред.колл: И.Айтматов ж.б.; Ред. кеңеш: А.Жумагулов ж.б.; -Б.: КЭ Башкы ред., 1994. - 720 б.
2. Дудашвили С.Д. Туристские ресурсы Кыргызстана. –Б. Раритет Инфо, 2004. -278 с.
3. Кыргыз Совет Энциклопедиясы: 6 томдук /Башкы ред. Б.Ө Орузбаева. –Ф.: Кырыз Совет Энциклопедиясынын башкы реакциясы, 1980. Т.6
4. Кыргыз жергеси (жер-суу аттары), энциклопедия / Башк ред. М.Б.Борбугулов; Баш. Ред.мүчөлөрү: Ч.Т.Айтматов, ж.б., Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы ред., 1990. 368 б.

**References:**

1. Chui region: Encyclopedia / Chief editor. A. Karypkulov; Editor-in-chief: I. Aitmatov, etc.; Ed. advice: A. Zhumagulov, etc.; - B.: KE Chief Ed., 1994. - 720 p.
2. Dudashvili S.D. Tourist resources for Kyrgyzstan. -B. Rarity Info, 2004. -278 p.
3. Kyrgyz Soviet Encyclopedia: 6 volumes / Chief editor. B. Oruzbaeva. -F.: The main reaction of the Kyrgyz Soviet Encyclopedia, 1980. T.6
4. Kyrgyz land (place names), encyclopedia / General editor. M. B. Borbugulov; Head. Editorial members: Ch. T. Aitmatov, etc., chief editor of the Kyrgyz Soviet Encyclopedia, 1990. 368 p.

УДК: 796:796.5
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-123-126

**Курманбеков Каныбек**
И. Раззаков атындагы КМТУ, окутуучу
**Курманбеков К.**
КГТУ им. И.Раззакова, преподаватель
**Kurmanbekov K.**
I.Razzakov KSTU, teacher

# ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ӨСҮМДҮКТӨР МЕНЕН ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮНҮН ТУРИЗМГЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
# ВЛИЯНИЕ РАСТИТЕЛЬНОГО И ЖИВОТНОГО МИРА НА ТУРИЗМ ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ
# THE INFLUENCE OF FLORA AND FAUNA TOURISM IN THE CHUI REGION

**Аннотация:** Бул макалада Чүй, Кемин өрөөнүндөгү өсүмдүктөр менен жаныбарлардын туризмге тийгизген таасири тууралуу баяндалат. Өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын түрлөрү, алардын жашаган аймактагы өзгөчөлүгү, өнүгүшү тууралуу айтылат.

**Аннотация:** В данной статье говорится о влиянии растительного и животного мира туризму в Чуйской и Кеминской долине. Раскрываются виды растений, животных и особенности развития существующих на их территории.

**Abstract:** This article talks about the influence of flora and fauna on tourism in the Chui and Kemin Valley. The types of plants, animals and features of the development of existing on their territory are revealed.

**Негизги сөздөр:** Чүй, Кемин, өсүмдүктөр, жаныбарлар, түрлөр, туризм, жаратылыш.

**Ключевые слова:** Чуй, Кемин, растения, животные, виды, туризм, природа.

**Key words:** Chui, Kemin, plants, animals, species, tourism, nature.

Негизинен ар бир жаратылыш шарттарынын өзүнчө мааниси жана табигатта аны менен кошо эс алуу адам баласына жакшы таасир берет. Өсүмдүктөрдү алсак; Чүй облусундагы өсүмдүктөр чөл зонасынан баштап, нивалдык алкакка чейинки аралыкта ар түрдүү таралып, ар бири өзүнүн өзгөчөлүгүн көрсөтүп турат.

Чүй аймагында тараган өсүмдүктөр Түндүк Теңир-Тоо провинциясынын Чүй жана Кемин округдарына кирет. Рекреациялык ресурс катары төмөнкүдөй мааниге ээ. 1500 м ге чейинки аралыкта жаз эрте келип ысыкты сүйүүчү өсүмдүктөр өсөт, анын ичинен «кызгалдак гүлү» май айында талааларда жайылып өсүп ачылган мезгилде көз жоосун алып өзүнө тарткан табигаттын эң сулуу мезгилин чагылдырат. Бул учур менен биз өзүбүздүн аймактын кооздугун айкындоо үчүн ар түрдүү открыткаларды, рекламалык жарнамаларды чыгарсак табигаттын туристерди чакыруудагы чоң салымы болоор эле. Чүй областы тоолуу болгондуктан рекреациялык ресурс катары өсүмдүктөрдү тоолуу аймактардан да жакшы пайдаланууга болот. Мисалы: рекреациялык ресурс кылып биз жаратылыш парктарын алсак болот. Ала-Арча паркында айланадагы арча, кайың, карагай, гүлдөрдүн түрлөрү, чөптөрү: анын ичинен даары чөптөр да адамдын ден-соолугун чыңдап, эс алуусун жакшыртса келген туристердин көңүлүн ачып өзүнө тартып туруусу биз үчүн өтө маанилүү жана келечектүү деп эсептейбиз. Ошондой эле Чоң-Кемин улуттук паркын алсак: мунун мурдагы түзүлүшү «Лесхоз» деген эле чарба болсо азыркы учурда Чоң-Кемин Кыргыз улуттук жаратылыш паркы болуп анда бир гана карагай эмес өсүмдүктөрдүн бардык (ошол жерде өскөн) түрлөрү коргоого алынып, ал жер ошону менен бирге эле азыркы учурда Чүй областындагы эң чоң рекреациялык аймактын бири болуп саналат.

Бадалдарды алсак; четин, бөрү карагат, ит мурун, табылгы жана башкалар бар. Бул аталган бадалдар жаратылыштын көркүн ачуу гана эмес адам баласынын ден-соолугуна да чоң жардам берүүчү өсүмдүктөр, ал эми карагай токойлору Сокулук, Ала-Арча, Аламүдүн, Ысык-Ата, Кегети, Шамшы, Карагайдын орточо бийиктиги 25-30 м дей, орточо диаметри 50-70 см.

Облустун аймагындагы тоо капталдардагы токой жана бадалдуу аянттар ным топтоп, суу пайда болууда зор мааниге ээ болгондуктан алар корголот. Акыркы 50-60 жылдын ичинде облустун аймагындагы табигый токойлордун аянты айрым маалыматтарга караганда 1,5 - 2 эсе азайып кеткен [1, 16]. Азыркы учурда карагайларды кайрадан сактоо колго алынууда.

Облустун аймагындагы өсүмдүктөр цезондук, флоралык өзгөчөлүктөрүнө, өсүмдүктөрдүн таралуу тибине, бийиктик алкактуулуктун ар түрдүүлүгүнө карата 2 округка (Чүй жана Кемин) бөлүнөт.

Кемин геоботаникалык округу Чоң жана Кичи-Кемин өрөөндөрүн камтып, өз ичинен төмөндөгүдөй 3 районго бөлүнөт:

1) бадал токой шалбалуу Кичи-Кемин району;

2) шалбалуу талаа фрагментери бар Чоң Кемин токой шалбалуу. району;

3) бийик тоолуусаздардын жана сейрек карагай токойлорунун фрагмента бар Көк-Ойрок шалбалуу району [2, 29].

Жандуу дүйнө дегендей өсүмдүгүнө жараша жаныбарлары болот эмеспи. Чүй облусу жаныбарлар дүйнөсүн өтө эле бай. Мында омурткалуулардын гана 360 тан ашык түрү бар.

Чүй өрөөнүнүн эл көп жайгашкан түзөң бөлүктөрү чарбалык жактан дээрлик өздөштүрүлүп, табигый жактан ландшафтары өтө көп өзгөрүп жаныбарлар жылдан жылга азайууда.

XIX кылымдын аягында өрөөндүн бул бөлүгүндө камыш арасында жолборс, доңуз жашаган, ал эми 40 - 50 жыл мурун тоодак, безбелдек, карабоор, каркыралар мекендеп турган, азыр булардын бири да калган эмес. Чарбалык жактын өнүгүүсү бул эле жаныбар эмес ушул чөлкөмдөгү көптөгөн жаныбарларды жокко учураткан. Азыркы учурда көптөгөн жаныбарлар коргоого алынууда, алар СССР учурунда жок болуп бара жаткан жаныбарлар: мисалга алсак; илбирс, аркар, кулжа, кызыл карышкыр, сүлөөсүн, чөл түлкүсү, тоо эчки ж.б.

Булардын ичинде кызыл китепке кирип, китеп аркылуу туризмге өз салымын кошуп турган дүйнөдө жок болуп бара жаткан азыркы учурдагы чет элдиктерди кызыктырып турган жаныбар бул - «Аркар». Аркар азыркы учурдагы эң аз кездешүүчү жаныбарлардын бири, чет мамлекеттиктер муну Марко - Поло деп аташат. Бирок Марко - Поло менен Тянь-Шань аркарынын айрымасы бар.

Аркарга кызыккандар дүйнөдөгү бай адамдар жана мергенчилике кызыккандар. Мамлекеттин аймагынан жылына 10-15 гана аркар атууга уруксат бар. Мунун баасы АКШ доллары менен 25 миң турат. Негизги кызыктыруучу аркардын мүйүзү болуп саналат. Чүй областынын аймагында аркарды браканерлерден сактап жана мергенчилик боюнча тур фирмалар түзүлсө туризмге Аркар чоң салым кошот. Ошондой эле жылдан жылга кардарлар да көбөйүшү мүмкүн.

Дагы бир биз сыймыктана турган дүйнөдө чанда кездешкен биздин мамлекетти мекендеген жаныбар бул - «Ак Илбирс». Азыркы учурда 250-300 гана илбирс калган, жок болуу коркунучунда турган жаныбарлардын бири. Илбирс өзүнүн кооздугу, баалуулугу жана сейрек кезиккендиги менен дүйнө элин өзүнө тартып турат. Ошонун натыйжасында чет өлкөлөрдөн илбирске көптөгөн кардарлар чыгууда, бирок бул илбирсти кармоо жана атууга таптакыр тыюу салынган. Ошого ылайык жылда рейд өткөрүлүп туруууда.

Аркар туризмге мергенчилик боюнча өз салымын кошуп турса, илбирс туризмге башкача салым кошууда. Мисалы: жылда илбирстин тукумун жок кылбай аны сактап калуу үчүн дүйнө жүзүнөн адистердин келүүсү менен конференциялар өтүүдө. 2016-жылы Ала-Арча улуттук жаратылыш паркында «Ак Илбирстин тукумун сактоо» деген эл аралык семинар өткөн.Илбирс Чүй облусунун бийик тоолуу аймактарында кезигип бул аймакта 80 дей илбирс бар. Илбирстин тукумун жакшы сактасак келечекте тоо туризмине да өз салымын кошот. Чуй аймагы негизинен эле чарбалык жактан жакшы өнүккөн ошонун кесепетинен көптөгөн жаныбарлар, (өрөөндүү жерлерди жердеген) жок болуп же тоону

көздөй кетишкен.

Чоң жана Кичи Кемин сууларынын жээктерин, суу бойлогон жаратылыштын коолдугуна келген туристерге эс алуу базаларын ачып, жакшы иштетсек андан жогоруку арча токойлоруна алып чыгып арчанын дарылык жана экологияда чоң салым кошо турган өсүмдүк экенин айтып берсек, келген туристерге Чүй областынын өсүмдүктөрү аркылуу өзүбүздүн туристик базаны чыңдасак келечектеги Швейцариядан да алдыга чыга турган мүмкүнчүлүк бар экенин эстен чыгарбасак.

Республиканын Кызыл китебине облустун аймагындагы сейректеп бара жаткан өсүмдүктөрдөн Калпаковский мандалагы, Зинаида мандалагы, бийик сарындыз, Калпаковский придодиктуму; ири чөйчөктүү примуа капталып, алардын ареалдарын коргоо жана сактоо максатында ботаникалык заказниктер уюштурулган.

Кийинки мезгилдерде жаратылыш парктары көп уюшулуп өсүмдүк менен жаныбарлардын санын кайра көбөйтүү башталды десек болот. Чүй областына келген туристерге өсүмдүктөр, жаныбарлар аркылуу өзүбүздүн туристик базаны чыңдасак келечектеги алдыга чыга турган мүмкүнчүлүк бар экенин белгилеп кетмекчибиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Азыкова Э. К., Крижицкая Р. Р. «Ландшафты Киргизии и задачи их дальнейшего изучения»// «Развития географических наук». Фрунзе, 1980. – С. 34-37.
2. Байгуттиев С. Б., Кулматова Т. Н. «Ландшафты Чуйской долины» // «Динамика ландшафтов Чуйской долины». Фрунзе 1985.

**References:**

1. Azykova E. K., Krizhitskaya R. R. "Landscape Input and Tasks." further studies"// "Development of geographic sciences" Frunze, 1980. - S. 34-37.
2. Baiguttiev S. B., Kulmatova T. N. "Landscape of the Chuyskoy Valley" // "Dynamics of landscapes of the Chuyskoy Valley". Frunze 1985.

УДК 372.854
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-126-131

**Сатывалдиев Абдураим Сатывалдиевич, Бакенов Жолдошбек Бекбоевич, Тюгельбаева Жазгул Байзаковна**

И. Арабаев атындагы КМУ, химия жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы, химия илимдеринин доктору, профессор,

И. Арабаев атындагы КМУ, химия жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы, химия илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.,

И. Арабаев атындагы КМУ, химия жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы, магистрант

**Сатывалдиев Абдураим Сатывалдиевич, Бакенов Жолдошбек Бекбоевич, Тюгельбаева Жазгул Байзаковна**

КГУ им. И. Арабаева, кафедра химии и технологии ее обучения, доктор химических наук, профессор,